| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**<br>**ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**<br>**ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

**26-жылдын 16-март №92** **Чалдовар айыл**

**14 м2 жайыт жеринин категориясынан "Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы" түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 14-16,20 беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуунун (трансформациялоонун) тартиби жөнүндө» жобонун негизинде, 3,6 га жер тилкесине ГЭС куруу үчүн чубалгы мамычаларын орнотуу максатында, Фрунзе айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Фрунзе айыл аймагындагы "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан №58 контурундагы 3м2 жана №63 контурундагы 11м2, жалпысы 14 м2 жер тилкесин "Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы" түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2.Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Фрунзе айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Ашыкеевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**